| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**<br>**КАЙЫНДЫ ШААРДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**<br>**КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ** |

---

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

09.04.2024 ж. № 99/XXVIII – 4

**Кайыңды шаардык кенешинин этика Кодексин бекитүү жөнүндө**

Жергиликтүү кеңештин депутатынын наамынын коомдогу социалдык маанисин, беделин жогорулатуу максатында, алардын жергиликтүү кеңештеги ишине, шайлоочулар менен, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жактар, жеке адамдар менен болгон мамилелеринде, депутаттык этиканын эрежелерин белгилөө максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө» Жобонун 4 беренесинин 2 – пунктунун 3- пунктчасына ылайык, ошондой эле мурда чыгарылган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жылдын 24-июлундагы № 01-18/89 буйругун эске алуу менен, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1.Кайыңды шаардык депутаттарынын этика Кодекси бекитилсин:

2.Кайыңды шаардык кеңшинин этика боюнча комиссиясынын курамы төмөндөгүдөй бекитилсин:

1) Абдрасулов Урмат Бейшеналыевич – комиссиянын төрагасы

2) Абейльдиева Эльмира Асановна – комиссиянын мүчөсү

3) Башаханова Галина Владимировна – комиссиянын мүчөсү

4) Каюн Светлана Ивановна – комиссиянын мүчөсү

5) Насыпбек уулу Нурпайыс – комиссиянын мүчөсү

3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй - Бишкек шаардык юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин баардык туруктуу депутаттык комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т. Иманкулов**